**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Жибек жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз I отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 9**

Согонду айыл 2024-жылдын 15-марты

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы “Биримдик-Сервис”коммуналдык-тейлөө ишканасынын техникалык-тейлөөчү кызматкерлеринин 3(үч)кошумча штаттык бирдиктерин түзүп, жергиликтүү бюджеттен каржылоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Пезидентинин 29.12.2023-ж №370 жарлыгын жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 7.02.2024-ж. №52 токтомунун негизинде мурунку Ленин жана Бүлөлү айыл өкмөттөрү жоюлуп, Жибек-Жолу айыл айыл аймагынын айыл өкмөтү түзүлүп, техникалардын саны көбөйүп, кошумча штаттык бирдиктерге муктаждыктар пайда болгондуктан мурда түзүлгөн айыл өкмөтүнүн алдындагы “Биримдик - Сервис” коммуналдык-тейлөө муниципалдык ишканасынын техникалык-тейлөөчү кызматкерлеринин кошумча 3(үч) штаттык бирдиктерин түзүүгө макулдук берүү жана 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин сметасына отургузулуп, каржылоо жүргүзсүү боюнча айыл аймагынын айыл өкмтүнүн башчысы Ж.Тажибаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Пезидентинин 29.12.2023-ж №370 жарлыгын жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 7.02.2024-ж. №52 токтомунун негизинде мурунку Ленин жана Бүлөлү айыл өкмөттөрү жоюлуп, Жибек-Жолу айыл айыл аймагынын айыл өкмөтү түзүлүп, техникалардын саны көбөйүп, кошумча штаттык бирдиктерге муктаждыктар пайда болгондуктан мурда түзүлгөн айыл өкмөтүнүн алдындагы “ Биримдик - Сервис” коммуналдык-тейлөө муниципалдык ишканасынын техникалык- тейлөөчү кызматкерлеринин кошумча 3(үч) штаттык бирдиктерин түзүүгө макулдук берилсин жана 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинин сметасына отургузулуп, каржылоо жүргүзүлсүн;
2. Муниципалдык ишканасынын техникалык-тейлөөчү кызматкерлеринин кошумча 3(үч) штаттык бирдиктерин түзүүгө керектелүүчү акча каражатын сметанын чыгаша бөлүгүнүн тиешелүү беренелерине отургузуп эсептерди түзүү жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Б.Мамановго жүктөлсүн;
3. “Биримдик-сервис” коммуналдык-тейлөө муниципалдык ишканасынын техникалык- тейлөөчү кызматкерлеринин кошумча штаттык бирдиктерин түзүүгө жана жергиликтүү бюджеттен каржылоого уруксат берүү жагы Финансы министрлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын;
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Ж. Тажибаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**